1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Агартуу министрлигинин
2026-жылдын №________
буйругу менен
БЕКИТИЛГЕН

**“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо” санариптик технологиялык тутуму жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо” санариптик технологиялык тутуму жөнүндө Жобо (мындан ары - Жобо) аталган тутумдун негизги максаттарын, милдеттерин жана иштөө тартибин, ошондой эле балдардын жана катышуучуларынын укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктайт.

2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын “Балдар жөнүндө” Кодексине, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

3. Бул Жободо колдонулган негизги түшүнүктөр:

**“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо” санариптик технологиялык тутум** (мындан ары –“Электрондук каттоо ” СТТ) – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына биринчи класска кабыл алууда мектеп жашындагы балдардын маалыматтарын иштеп чыгууга арналган санариптик технологиялык тутум.

**“Электрондук каттоо” СТТнын ээси** – Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алууга конституциялык укуктарын камсыздоочу билим берүү жаатындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу, билим берүүнүн жеткиликтүүлүлүгүнө жана анын сапатына мамлекеттик көзөмөл жүргүзүүчү билим берүү жана илим жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары-ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы).

**Арыз берүүчү** – баланын ата-энеси/мыйзамдуу өкүлү (ата-энелер, асырап алгандар, кам көрүүчүлөр, камкорчулар, алар болбогон учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкери).

**Микроучасток** – билим берүү уюмуна жакын жайгашкан, өзүнө көчөлөрдүн атын жана үйлөрдүн номерлерин камтыган шаардын административдик-территориалдык бөлүнүүсүнүн алкагындагы аймак.

**“Электрондук каттоо” СТТнын маалыматтарын алуучулар** – статистикалык маалыматтар менен иш алып баруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктуу кызматкерлери, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, аймактык билим берүү органдардын, жалпы билим берүү уюмдардын жетекчилери.

**“Электрондук каттоо” СТТнын колдонуучулары** – санариптик технологиялык тутумунда функционалдык (колдонуучулук) ролдор аныкталган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктуу кызматкерлери, жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери, баланын ата-энеси - арыз ээси/мыйзамдуу өкүлү.

**Жеке мүнөздөгү маалыматтар** – жеке мүнөздөгү маалыматты камтыган санарип маалыматтары.

**Жеке маалыматтар субъекти (бала, ата-эне/мыйзамдуу өкүл)** – жеке маалыматтардын принципалы болуп саналган жеке жак.

4. “Электрондук каттоо” СТТ (1mektep.edu.gov.kg) ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган катары болуп эсептелген Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги тарабынан мамсервистерди көрсөтүү максатында түзүлгөн мамлекеттик санарип сервиси.

## 2. “Электрондук каттоо” СТТнын негизги максаттары жана милдеттери

5. “Электрондук каттоо ” СТТны ишке киргизүүнүн негизги максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

– Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын биринчи классына кирүүдө балдарды каттоо, эсепке алуу жана маалыматты иштеп чыгуу;

– ар бир баланын башталгыч жалпы билим алууга тең укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу.

6. “Электрондук каттоо” СТТнын негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

– жалпы билим берүү уюмдарынын биринчи классына кирүү үчүн ата-энелер/мыйзамдуу өкүлдөр тарабынан балдарды каттоо жана башка юридикалык маанилүү аракеттерди аткаруу;

– жалпы билим берүү уюмдарынын биринчи классына кабыл алынган балдар жөнүндө маалыматты (документтерди) берүү үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана анын аймактык билим берүү органдарынын кызматкерлерине керектүү маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо;

– жалпы билим берүү уюмдарынын биринчи классына кирген окуучулар жөнүндө жалпыланган отчетту түзүү;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда Министрликтин Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттенүүсүн камсыздоо;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык маалымат алуу үчүн сурап-билүү кызматтарын жана ресурстарды жайгаштыруу.

## 3. “Электрондук каттоо ” СТТда иштетилип чыгуучу жеке мүнөздөгү маалыматтар

7. “Электрондук каттоо ” СТТда баланын, арыз ээсинин, Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөнүн жарандарынын жеке мүнөздөгү маалыматтарын текшерүү үчүн “Түндүк” ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана башка мамлекеттик органдар ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде иштелип чыгат:

Бала жөнүндө маалымат:

–Жеке идентификациялык номер (ЖИН);

–Аты-жөнү;

–Жынысы;

–Туулган күнү, айы, жылы;

–Туулгандыгы жөнүндө күбөлүк (берүүчү орган, берилген датасы, серия жана номер).

Арыз ээси жөнүндө маалымат:

–Жеке идентификациялык номер (ЖИН);

–Аты-жөнү;

–Жынысы;

–Туулган күнү, айы, жылы;

– Юридикалык дареги (арыз ээсинин каттоодон өткөндүгү жөнүндө маалымат);

– Паспорт маалыматтары (серия, номер, берилген датасы, жарамдык датасы жана берүүчү орган);

– Байланыш маалыматтары (уюлдук телефондун номери, жумушчу телефону);

– Электрондук почта.

“Электрондук СТТда иштетилген жеке мүнөздөгү маалыматтар Кыргыз Республикасынын Санарип Кодексине ылайык корголот.

Жеке мүнөздөгү маалыматтарды сактоо мөөнөтү, аларды пайдалануу, берүү жана жок кылуу тартиби санарип чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.

“Электрондук каттоо” СТТда колдонуучулардын бардык аракеттери автоматтык түрдө катталат.

## 4. Электрондук каттоону өткөрүүнүн жалпы тартиби жана катышуучулары

8. 2026-2027-окуу жылына 2019-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин жана 2020-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин төрөлгөн балдар биринчи класска кабыл алынат.

9. 8 жаштан улуу балдар же баланын же ата-энесинин/мыйзамдуу өкүлүнүн ким экендигин тастыктаган документтери жок балдар мектепке балдар иштери боюнча комиссиянын чечими менен кабыл алынат.

10. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 19-июнундагы № 388 токтому менен бекитилген мектеп жана мектепке чейинки **курактагы балдарды** эсепке алуу тартиби жөнүндө Нускамага ылайык, жашаган жери боюнча расмий каттоо жалпы билим берүү уюмдарына кабыл алуу үчүн тизмелерди түзүүдө аймактык артыкчылыктын милдеттүү белгиси болуп саналат. Ушуга байланыштуу биринчи класска кабыл алуу компаниясы “Электрондук каттоо” СТТ аркылуу Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында эки этапта жүргүзүлөт:

- биринчи этапта тиешелүү мектептин микроучастогу боюнча каттоосу бар балдарды кабыл алуу жүзөгө ашырылат;

- экинчи этапта мектептин микроучастогу боюнча каттоосу жок балдарды бош орундар болгон учурда кабыл алуу жүргүзүлөт.

11. “Электрондук каттоо” СТТда биринчи класска кабыл алуу үчүн окуучулук орундардын саны (квотасы) былтыркы жылдагы башталгыч мектептин 4-класстарынын класс-комплекттеринин санынын негизинде автоматтык түрдө аныкталат, бир класс-комплекттин толуктуулугуна ылайык эсептелет:

- эгер 4-класстардагы иш жүзүндөгү толуктуулук ар бир класста 42 окуучудан ашса, квота 42 орун өлчөмүндө белгиленет;

-эгер 4-класстардагы окуучулардын иш жүзүндөгү саны 25тен 41ге чейин (кошо эсептегенде) окуучуну түзсө, квота иш жүзүндөгү окуучулардын санына жараша белгиленет. Бул учурда жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси квотанын санын 42ге чейин, бирок электрондук каттоонун биринчи этабына 3 жумушчу күн калганга чейин көбөйтүүгө укуктуу;

- эгер 4-класстардын толуктуулугу ар бир класс-комплектте 25 окуучудан аз болсо, квота Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары жөнүндө жобонун класстын минималдуу толуктуулугун – 25 окуучуну – белгилеген пунктуна ылайык 25 орун деңгээлинде белгиленет (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы № 519 токтому).

Ар бир класс-комплект боюнча окутуу тили тиешелүү билим берүү уюмунда иштеп жаткан биринчи класстардагы окутуу тилдери тууралуу иш жүзүндөгү маалыматтардын негизинде аныкталат.

Жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси мамлекеттик тилде окутулуучу класс-комплекттердин санын көбөйтүүгө укуктуу, бирок мындай класс-комплекттердин саны мурунку окуу жылындагы көрсөткүчтөрдөн кыскартылбашы керек.

Жаңы мектептерде 4-класстардын бүтүрүүчүлөрү боюнча маалыматтар жок болгон кезде, квоталарды эсептөө үчүн ушул окуу жылындагы 1-класстардын окуучуларынын саны негиз катары алынат.

12. “Электрондук каттоо” СТТга техникалык колдоо көрсөтүү боюнча өз ыйгарым укуктарын ыйгарым укуктуу органдарга өткөрүп берүүгө. Ушул Жобонун алкагында 2026-2027-окуу жылына электрондук каттоону ишке ашыруу үчүн техникалык оператор катары “Түндүк” ачык акционердик коому дайындалат.

13. “Электрондук каттоо” СТТнын колдонуучулары (мындан ары - катышуучулар) болуп аймактык билим берүү органдарынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери, жалпы билим берүү уюмдарынын администрациялары, баланын ата-энеси/мыйзамдуу өкүлү-арыз ээси саналат, аларга санариптик технологиялык тутумда кийинки функционалдык (колдонуучулук) ролдор аныкталган:

– аймактык билим берүү органдарынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери билим берүүнүн абсолюттук жеткиликтүүлүгүн камсыздоого багытталган чараларды көрүүнү камсыздоо боюнча көзөмөл жүргүзүү, балдардын билим алууга карата укугунун сакталышын көзөмөлдөөнү камсыздоо функциясын аткарышат;

– жалпы билим берүү уюмдарынын администрациялары “Электрондук каттоо” СТТ аркылуу Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын биринчи классына кабыл алуу функциясын аткарышат;

– арыз берүүчү (баланын ата-энеси/мыйзамдуу өкүлү) жалпы билим берүү уюмдарынын биринчи классына кабыл алуу үчүн “Электрондук каттоо” СТТда баланы өз убагында каттоо аркылуу баланын башталгыч жалпы билим алуу укугун камсыз кылат.

## 5. “Электрондук каттоо” СТТдагы электрондук каттоо процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери

14. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары төмөнкүлөргө укуктуу:

– “Электрондук каттоо” СТТда өз ара аракеттенүү процессин жөнгө салуу үчүн өз компетенциясынын алкагында чечимдерди кабыл алууга жана бекитүүгө;

– жалпы билим берүү уюмдардын биринчи класска балдарды санариптик технологиялык тутум аркылуу кабыл алуу боюнча ушул Жобонун ченемдерин жана талаптарын аткаруу боюнча жалпы билим берүү уюмдардын ишмердигин текшерүүнү ишке ашырууга;

– натыйжалуу башкарууга жетишүү үчүн, анын ичинде ченемдик – укуктук актыларды, ички актыларды сактоону, укукка каршы ишмердүүлүктү алдын алууну жана аныктоону;

– башкаруучулук отчеттуулукту жана маалыматты, ошондой эле аларды даярдоону камтыган ички көзөмөлдөө системасын уюштурууга;

– милдеттүү башталгыч жалпы билим алуунун жеткиликтүүлүгү бөлүгүндөгү укуктук пропаганда боюнча иш-чараларды өткөрүүгө;

– “Электрондук каттоо” СТТнын иштөө процессин координациялоого жана отчеттуулукту түзүүгө;

– 2019-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин жана 2020-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин төрөлгөн балдардын ата-энелерине/мыйзамдуу өкүлдөрүнө баланы биринчи класска кабыл алуу үчүн “Электрондук каттоо” СТТ аркылуу өз убагында катталуунун зарылдыгы жөнүндө массалык - маалымат каражаттары аркылуу маалымат берүүгө;

– “Электрондук каттоо” ССТда процесстердин толук иштешине иш-аракеттерди аткаруу же иш-аракеттерди аткарбоо менен тоскоолдук кылган, аймактык билим берүү органдарынын кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик чара колдонууга укуктуу.

15. “Түндүк” ААК төмөнкүлөргө милдеттүү:

– үзгүлтүксүз негизде “Электрондук каттоо” СТТны техникалык эксплуатациялоону камсыздоого;

– Электрондук каттоо” СТТнын үзгүлтүксүз иштөөсүн жана колдоосун камсыздоого;

– “Электрондук каттоо” СТТдагы иштетилген жеке мүнөздөгү маалыматтардын купуялуулугун жана корголушун камсыздоого;

– жалпы билим берүү уюмдарынын аталыштарынын, ошондой эле биринчи класска кабыл алуу үчүн белгиленген квоталардын актуалдуулугун үзгүлтүксүз негизде жаңыртууга милдеттүү.

16. Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги төмөнкүлөргө укуктуу:

– “Электрондук каттоо” СТТда өз ара аракеттенүү процессин жөнгө салуу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечимдеринин жана локалдык актыларынын негизинде уюштуруу-тескөөчү документтерди чыгарууга жана бекитүүгө;

– ушул Жобонун ченемдерине жана талаптарына ылайык келиши боюнча жалпы билим берүү уюмдардын ишмердүүлүгүн текшерүүгө;

– натыйжалуу жана эффективдүү башкарууга жетишүү үчүн ички контролдун комплекстүү жана натыйжалуу системасын уюштурууга, анын ичинде ченемдик укуктук актылардын жана жергиликтүү актылардын сакталышын камсыздоого, мыйзам бузууларды алдын алууга жана аныктоого, ошондой эле башкаруучулук отчеттуулукту жана маалыматты жүргүзүүгө жана даярдоого;

– коомчулуктун жана жалпы билим берүү уюмдардын арасында милдеттүү башталгыч жалпы билим алуунун жеткиликтүүлүгү тууралуу укуктук пропаганда боюнча иш-чараларды өткөрүүгө;

– “Электрондук каттоо” СТТдагы процесстердин толук иштешине иш-аракеттерди аткаруу же иш-аракеттерди аткарбоо менен тоскоолдук кылган жалпы билим берүү уюмдун директоруна жана кызматкерлерине карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик чара колдонууга.

17. Аймактык билим берүү органдары төмөнкүлөргө милдеттүү:

– “Электрондук каттоо” СТТда өз ара аракеттенүү процессин жөнгө салуу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан кабыл алынган чечимдерди жана локалдык актыларды өз убагында аткарууга;

– “Электрондук каттоо” СТТда “Квота” бөлүмүндө жалпы билим берүү уюмдарынын тизмесинин тууралыгын (уюмдардын аталышын, алардын даректерин), микроучастоктордун даректерин текшерүүгө, жана ар бир жалпы билим берүү уюму үчүн квотаны - окуучулук орундардын санын (класс-комплекттердин санын окутуу тилин көрсөтүү менен) тутум аркылуу ырастоого;

- ушул Жобонун сакталышы үчүн жалпы көзөмөлдү камсыз кылуу, зарыл болгон учурда атайын тартипте кабыл алынган балдардын документтерин текшерүүгө;

– колдонуудагы мыйзамдарга жана ушул Жобого ылайык баланы жалпы билим берүү уюмдарынын биринчи классына кабыл алууда келип чыккан талаш-тартыштарды ата-энелер/мыйзамдуу өкүлдөрү менен чечүүгө көмөк көрсөтүүгө;

– “Электрондук каттоо” СТТда жеке мүнөздөгү маалыматтын купуялуулугун камсыздоого;

– балдарды биринчи класска киргизүү маселелери боюнча ата-энелерден/мыйзамдуу өкүлдөрдөн электрондук түрдө келип түшкөн арыздарды кароого милдеттүү.

18. Жалпы билим берүү уюмунун директору төмөнкүлөргө укуктуу:

– “Электрондук каттоо” СТТда өз ара аракеттенүү процессин жөнгө салуу үчүн аймактык билим берүү органдарынын чечимдеринин жана локалдык актыларынын негизинде уюштуруу-тескөөчү документтерди чыгарууга жана бекитүүгө;

– натыйжалуу башкарууга жетишүү үчүн, анын ичинде ченемдик укуктук актыларды, ички актыларды сактоону, укукка каршы ишмердүүлүктү алдын алууну жана аныктоону камтыган комплекстүү жана натыйжалуу ички көзөмөлдөө системасын уюштурууга;

– коомчулуктун арасында милдеттүү башталгыч жалпы билим алуунун жеткиликтүүлүгү бөлүгүндөгү укуктук пропаганда боюнча иш-чараларды өткөрүүгө;

– “Электрондук каттоо” СТТда камкордукка алынган (мыйзамда белгиленген) балдардын жана атайын тартипте кабыл алынуучу балдардын документтерин текшерүүгө;

– үстүбүздөгү жылдын 30-августуна чейин баланы биринчи класска аныктоо үчүн балдардын ата-энелеринен/мыйзамдуу өкүлдөрүнөн же болбосо электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы (Түндүк) аркылуу мыйзамда белгиленген тартипте тиешелүү тастыктоочу документтерди суроого;

– “Электрондук каттоо” СТТда окутуунун деңгээли жана окутуу тили боюнча класстарга отургузуучу орундардын санын - бирок квотаны акыркы

жолу бекитүү учуруна чейин гана квотаны көбөйтүүгө. Квотаны бекитүү биринчи этапка каттоо башталаардан **3 жумушчу күн мурун** жүргүзүлөт;

– “Электрондук каттоо” СТТда системасында мурда бекитилген класс-комплекттерде окутуу тилин өзгөртүү болгону кыргыз тилинде окутуучу класстарды көбөйтүү багытында гана жүргүзүлөт, ошондой эле катталган балдар (катталган балдардын саны) жана бош орундар (класстар боюнча бош орундардын саны) тууралуу маалыматты көрүүгө болот;

– “Электрондук каттоо” СТТ аркылуу бала кабыл алынгандан кийин ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендигинин белгилери аныкталган учурда, жалпы билим берүү уюму класс жетекчисинин жана (же) педагог-психологдун сунуштамасынын негизинде баланын билим алуу муктаждыктарын аныктоо жана комплекстүү диагностика жүргүзүү үчүн психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссияга (мындан ары - ПМПК) кайрылууга укутуу. ПМПКнын корутундусунун негизинде жалпы билим берүү уюму баланы атайын жалпы билим берүү уюмуна багыттоону сунуштоого же баланын мурда кабыл алынган жалпы билим берүү уюмунда окуусун улантуусун камсыздоого.

19. Жалпы билим берүү уюмунун директору төмөнкүлөргө милдеттүү:

– балдарды биринчи класска “Электрондук каттоо” СТТ аркылуу жана “Балдар иштери боюнча комиссиянын чечиминин” негизинде кабыл алууга;

– “Электрондук каттоо” СТТда өз ара аракеттенүү процессин ишке ашыруу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, аймактык билим берүү органдары тарабынан бекитилген чечимдерди жана локалдык актыларды өз убагында аткарууга;

– “Электрондук каттоо” СТТда “Квота” бөлүмүндө өздөрүнүн жалпы билим берүү уюмунун аталышын, дарегин, микроучастогунун чек араларын текшерет, ошондой эле квотаны – окуучулук орундардын санын (класс-комплекттердин санын окутуу тили менен көрсөтүү менен) биринчи этапка каттоо башталардан **3 жумушчу күн мурун** система аркылуу бекитүүгө болот;

- эгер жалпы билим берүү уюмунун директору белгиленген мөөнөткө чейин квотаны система аркылуу бекитпесе, квота автоматтык түрдө бекитилген деп эсептелет;

- ата-эне/мыйзамдуу өкүл микроучастка боюнча катталган жери ырасталган учурда, тутумга жетишпеген даректи кошууга;

- 2019-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин жана 2020-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин төрөлгөн балдардын ата-энелерине/мыйзамдуу өкүлдөрүнө баланы биринчи класска кабыл алуу үчүн “Электрондук каттоо” СТТ аркылуу өз убагында катталуунун зарылдыгы жөнүндө тиешелүү тараптарга маалымат берүүгө;

– “Электрондук каттоо” СТТда жеке мүнөздөгү маалыматтардын купуялуулугун камсыздоого;

- баланы биринчи класска кабыл алууда мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюму менен ата-эненин/мыйзамдуу өкүлүнүн ортосунда

пайда болгон талаш-тартыш маселелерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Жобого ылайык чечүүгө;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык гендердик катыш принцибин сактоо менен биринчи класстарды топтоого;

– жалпы билим берүү уюмдарына балдарды кабыл алууда ата-энелерди/мыйзамдуу өкүлдөрдү жалпы билим берүү уюмдун уставы менен, керектүү учурда жалпы билим берүү уюмдун ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу башка документтер менен тааныштырууга;

– ушул Жобонун аткарылышын, балдарды биринчи класска кабыл алуу боюнча документтерди текшерүүнү жүргүзүүнү.

20. Баланын ата-энеси/мыйзамдуу өкүлү–арыз ээси төмөнкүлөргө укуктуу:

– “Электрондук каттоо” СТТда мектеп жашына жеткен баланы (2019-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин жана 2020-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин төрөлгөн) жалпы билим берүү уюмунда бош орун болсо, окутуу тилин эске алуу менен 1mektep.edu.gov.kg платформасы, же “Түндүк”, жана башка тиркемелери аркылуу аталган менен жалпы билим берүү уюмуна катоого;

- Берилген электрондук каттоону (анын ичинде башка билим берүү уюмун тандаш үчүн) үч жолудан ашык эмес жокко чыгарууга болот. Үчүнчү жолу жокко чыгаргандан кийин СТТда кайрадан жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгү бөгөттөлөт.

- “Электрондук каттоо” СТТны жөнгө салуучу, милдеттүү баштапкы жалпы билим алууга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуучу ченемдик - укуктук актылар менен таанышууга;

– балдарды биринчи класстарга киргизүү процессин жөнгө салуучу устав жана башка локалдык документтер менен таанышууга.

21. Баланын ата-энеси/мыйзамдуу өкүлү – арыз ээси төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Эгерде ата-эненин жеке кабинетинде мектепке чейинки жаштагы балдары көрүнбөсө, анда аларды өзүнүн жеке кабинетине кошуу же Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин кол-борборуна жана балдарды ата-энесине байланыштыруу (туулгандыгы тууралуу күбөлүктү санариптештирүү) зарыл. Туулгандыгы тууралуу күбөлүктү санариптештиргенден кийин, ата-эне/мыйзамдуу өкүл өзүнүн жеке кабинетиндеги маалыматты жаңыртууга.

- Мыйзамдуу өкүлдөр баланы мектепке каттоо үчүн 1mektep.edu.gov.kg платформасы аркылуу өзүнүн жеке кабинетинде каттоону жүзөгө ашырат жана мыйзамдуу өкүл экендигин тастыктаган документти милдеттүү түрдө жүктөөгө тийиш. Мындай документ катары сот актысы же социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын актысы гана кабыл алынат. Мыйзамдуу өкүл “Электрондук каттоо” СТТ аркылуу эки баладан ашпаган баланы каттоого.

- Баланы биринчи класска кабыл алуу жөнүндө билдирме алгандан кийин, учурдагы жылдын 4-августунан баштап 5-сентябрына чейин

кечиктирбестен жалпы билим берүү уюмуна төмөнкү документтерди тапшырууга:

– ден соолугунун абалы жөнүндө медициналык маалымкаттын түп нускасы (белгиленген формалар);

– алынган эмдөөлөр жөнүндө медициналык маалымкаттын түп нускасы (белгиленген формалар).

“Электрондук каттоо” СТТда биринчи этапта ата-энеге/мыйзамдуу өкүлгө жашаган жери боюнча тиешелүү мектептин микроучастогуна кирген жалпы билим берүү уюмдары гана көрсөтүлөт. Эгерде тутум аркылуу жалпы билим берүү уюму көрсөтүлбөсө, ата-эне/мыйзамдуу өкүл жакынкы жалпы билим берүү уюмуна кайрылып, өзүнүн туруктуу жашаган жери боюнча дареги микроучастоктун чек араларынын тизмесине киргизилгендигин тактоого тийиш. Дарек чындап эле тиешелүү микроучастокко таандык болгон учурда, жалпы билим берүү уюму тарабынан микроучастоктун маалыматтарын тактоо жана жаңыртуу боюнча чаралар көрүлөт.

Жалпы билим берүү уюмдун жетекчисине/жооптуу адамга жалпы билим берүү уюмдун биринчи классына балдарды кабыл алуу үчүн ушул Жободо жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган документтерди **талап кылууга тыюу салынат**.

22. “Электрондук каттоо” СТТнын катышуучулары ушул Жобонун талаптарын сактабагандыгы, жеке мүнөздөгү маалыматтарды коргоо боюнча мыйзамдарды бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза жана укук бузуулар, эмгек жөнүндөгү мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

Жалпы билим берүү уюмунун жетекчилери жана аймактык билим берүү органдарынын кызматкерлери тарабынан мыйзамсыз баш тартуу, негизсиз тоскоолдук түзүү же СТТга кийлигишүү фактылары аныкталган учурда тиешелүү чаралар колдонулат.

## 6. Балдарды биринчи класска кабыл алуунун өзгөчө тартиби

23. Баланы жардамчы жалпы билим берүү уюмдарына жана түзөтүүчү класстарга кабыл алуу санитардык ченемдерге жана эрежелерге, жалпы билим берүү уюмунун Уставына ылайык, ошондой эле психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиянын жолдомо катынын негизинде “Электрондук каттоо” СТТдан тышкары жүргүзүлөт.

24. Жалпы билим берүү уюмунда эмгектенген педагогикалык кызматкерлерге өз балдарын иштеген жери боюнча (квотадан тышкары) билим берүү уюмуна артыкчылык менен кабыл алуу укугу берилет.

25. Эгерде эгиз балдардын (ошондой эле үч/төрт эмдер) бири ата-энеси же мыйзамдуу өкүлү тарабынан жалпы билим берүү уюмуна белгиленген квотанын чегинде катталган болсо, анын экинчи (же тиешелүү үчүнчү/төртүнчү) түгөйү ошол эле жалпы билим берүү уюмуна милдеттүү түрдө кабыл алынат, мында мындай учурларда мектеп үчүн окуучулук орундардын саны (квота) автоматтык түрдө тиешелүү санда көбөйтүлөт.

26. Балдарды каттоодо белгиленген мөөнөттөн кечиккен учурда биринчи класска кабыл алуу ата-энесинин/мыйзамдуу өкүлдөрүнүн арызынын негизинде Аймактык билим берүү органдарынын балдар иштери боюнча комиссиянын чечими менен кабыл алынат.

## 7. Жыйынтыктоочу жоболор

27. «Электрондук каттоо» СТТ аркылуу балдарды биринчи класска каттоо төмөнкү мөөнөттөрдө жүргүзүлөт:

– биринчи этап: жашаган жери боюнча тиешелүү жалпы билим берүү уюмунун микроучастогунда каттоосу (прописка) бар балдарды кабыл алуу 2026-жылдын 1-апрелинде саат 10:00дөн тартып жүргүзүлөт;

– экинчи этап: жашаган жери боюнча микроучастокто каттоосу жок балдарды, тандалган жалпы билим берүү уюмунуна бош орундар болгон учурда, кабыл алуу 2026-жылдын 1-июнунда саат 10:00дөн тартып жүргүзүлөт.

28. Балдарды биринчи класска кабыл алууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ар кандай окутуу сабактары боюнча балдардын билим деңгээлин аныктоого багытталган текшерүүлөрдү (тесттерди, экзамендерди, сынактарды, аңгемелешүүлөрдү) жүргүзүүгө тыюу салынат.

29. Жалпы билим берүү уюмдарынын биринчи классына баланы каттоо жана кабыл алуу тартиби ушул Жобонун жана “Электрондук каттоо” СТТнын “Колдонуучунун нускамасына” ылайык ишке ашырылат.

30. Окуу жылында келген ата-эне/мыйзамдуу өкүл электрондук арыз берүү аркылуу бош орундары бар жалпы билим берүү уюмду тандайт жана “Күндөлүк” автоматтык маалыматтык системасы аркылуу каттоодон өтөт.

31. Менчиктин аралаш жана жеке менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарынын каалоосу боюнча балдарды биринчи класска электрондук каттоо процессине катыша алат.

Приложение 1

УТВЕРЖДЕНО
приказом Министерства
Просвещения Кыргызской
Республики
№ _______от «_____»
______2026 года

**ПОЛОЖЕНИЕ**
**о цифровой технологической системе «Электронная запись детей в государственные и муниципальные общеобразовательные организации Кыргызской Республики»**

## 1. Общие положения

1. Настоящее Положение о цифровой технологической системе «Электронная запись детей в государственные и муниципальные общеобразовательные организации Кыргызской Республики» (далее – Положение) определяет основные цели, задачи и порядок функционирования, а также права, обязанности и ответственность ее участников для поступления детей в первый класс в государственные и муниципальные общеобразовательные организации Кыргызской Республики (далее – общеобразовательные организации).
2. Настоящее Положение разработано в соответствии с Конституцией Кыргызской Республики, Кодексом Кыргызской Республики «О детях», законом Кыргызской Республики «Об образовании», а также иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики в сфере образования.
3. В настоящем Положении используются следующие основные понятия:

**Цифровая технологическая система «Электронная запись детей в образовательные организации Кыргызской Республики»** (далее – ЦТС «Электронная запись») – цифровая технологическая система, обеспечивающая обработку данных детей школьного возраста при поступлении в первые классы общеобразовательных организаций.

**Владелец ЦТС «Электронная запись»** – уполномоченный государственный орган в области образования Кыргызской Республики (далее – уполномоченный государственный орган), вырабатывающий единую государственную политику в области образования, и осуществляющий государственный контроль за доступностью и качеством образования, за обеспечением конституционных прав граждан Кыргызской Республики на образование.

**Заявитель** – родитель/законный представитель ребенка (родители, усыновители, попечители, опекуны, при их отсутствии – сотрудник уполномоченного органа по защите детей).

**Микроучасток** – территория в рамках административно-территориального деления города, включающего в себя название улиц и номера домов, расположенных в непосредственной близости с общеобразовательными организациями.

**Получатели данных ЦТС «Электронная запись»** – уполномоченные сотрудники уполномоченного государственного органа, территориальные подразделения уполномоченного государственного органа (далее – территориальные подразделения), руководители общеобразовательных организаций, работающих со статистическими данными.

**Пользователи ЦТС «Электронная запись»** – уполномоченные сотрудники уполномоченного государственного органа, руководители общеобразовательных организаций, родитель/законный представитель ребенка, которым определены функциональные (пользовательские) роли в цифровой технологической системе.

**Персональные данные** – список цифровых данных, содержащих информацию персонального характера.

**Субъект персональных данных (ребенок, родитель/законный представитель)** – физическое лицо, являющееся принципалом персональных данных.

4. ЦТС «Электронная запись» (**1mektep.edu.gov.kg**) государственный цифровой ресурс, созданный в целях предоставления государственных сервисов уполномоченным государственным органом в лице Министерства просвещения Кыргызской Республики.

## 2. Основные цели и задачи ЦТС «Электронная запись»

5. Основными целями внедрения ЦТС «Электронная запись» являются:

– регистрация, учет и обработка данных при зачислении детей в первый класс общеобразовательных организаций Кыргызской Республики;

– обеспечение равных прав и возможностей каждого ребенка на получение начального общего образования.

6. Основными задачами функционирования ЦТС «Электронная запись» являются:

– регистрация детей родителями/законными представителями для поступления в первый класс общеобразовательных организаций;

– обеспечение доступа к информации, необходимой для сотрудников уполномоченного государственного органа и его территориальных подразделений для предоставления сведений (документов) о детях, поступивших в первый класс общеобразовательных организаций;

– создание сводной отчетности об учащихся, поступивших в первый класс общеобразовательных организаций;

– обеспечение взаимодействия уполномоченного государственного органа с другими государственными органами Кыргызской Республики в случаях, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики;

– размещение информационно-справочных услуг и ресурсов в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

## 3. Персональные данные, обрабатываемые в ЦТС «Электронная запись»

7. В ЦТС «Электронная запись» обрабатываются персональные данные ребенка, заявителя, граждан Кыргызской Республики и иностранных граждан, посредством системы межведомственного электронного взаимодействия (далее – СМЭВ) «Түндүк» для верификации, на основании заключаемого договора между уполномоченным государственным органом и другими государственными органами.

Сведения о ребенке:

– Персональный идентификационный номер (ПИН);

– Фамилия, имя, отчество;

– Пол;

– Число, месяц, год рождения;

Сведения о заявителе:

– Персональный идентификационный номер (ПИН);

– Фамилия, имя, отчество;

– Пол;

– Число, месяц, год рождения;

– Юридический адрес (сведения о регистрационном учете заявителя);

– Контактные номера (мобильный номер);

– Электронная почта.

Персональные данные в ЦТС «Электронная запись» защищаются в соответствии с Цифровым кодексом Кыргызской Республики.

Срок хранения персональных данных, порядок их использования, передачи и уничтожения определяется уполномоченным государственным органом в сфере цифровой среды.

Все действия пользователей в ЦТС «Электронная запись» фиксируются автоматически.

## 4. Общий порядок проведения электронной записи и участники процесса

8. На 2026-2027 учебный год в первый класс общеобразовательной организации принимаются дети, родившиеся с 1 января по 31 декабря 2019 года и с 1 января по 31 декабря 2020 года.

9. Дети старше 8 лет, или не имеющие документы, подтверждающие личность ребенка или родителя/законного представителя, принимаются в школу по решению Комиссии по делам детей (КДД).

10. В соответствии с Инструкцией о порядке постановки на учет детей школьного и дошкольного возраста, утвержденной Постановлением Правительства Кыргызской Республики № 388 от 19 июня 2017 года, официальная регистрация по месту проживания является обязательным признаком территориального приоритета при формировании списков для приема в общеобразовательные организации. В связи с этим прием в первый класс осуществляется через ЦТС «Электронная запись» во всех регионах Кыргызской Республики в два этапа.

- на первом этапе осуществляется приём детей при наличии регистрации (постоянной прописки) по микроучастку соответствующей школы у одного из родителей (законных представителей);

- на втором этапе осуществляется приём детей, не зависимо от постоянной прописки родителей, при наличии в ней свободных мест.

11. В ЦТС «Электронная запись» количество ученических мест (квота) для приема в первый класс определяется автоматически на основе количества класс-комплектов 4-х классов начальной школы предыдущего учебного года, из расчета наполняемости одного класс-комплекта:

- если фактическая наполняемость в 4-х классах превышает 42 обучающихся на класс, квота устанавливается в размере 42 мест;

- если фактическая наполняемость в 4-х классах составляет от 25 до 41 обучающегося включительно, квота устанавливается по фактическому количеству обучающихся. В этом случае, руководитель общеобразовательной организации вправе увеличить количество квот до 42, однако исключительно за 3 рабочих дня **до даты начала первого этапа** электронной записи в школу.

- если фактическая наполняемость обучающихся в 4-х классах составляет менее 25 обучающихся на каждый класс-комплект, квота устанавливается на уровне 25 мест в соответствии с пунктом Положения об общеобразовательных организациях Кыргызской Республики, устанавливающим минимальную норму наполняемости класса - 25 обучающихся (постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики от 27 августа 2024 года № 519).

Определение языка обучения по каждому класс-комплекту осуществляется на основании фактических данных о языках обучения в действующих первых классах соответствующей образовательной организации.

Руководитель общеобразовательной организации вправе увеличивать количество класс-комплектов с государственным языком обучения, при этом уменьшение количества таких класс-комплектов по сравнению с показателями предыдущего учебного года не допускается.

В новых школах, где отсутствуют данные по выпуску 4-х классов, для расчёта квот использованы показатели численности учащихся 1-х классов текущего учебного года.

12. Передача своих полномочий по технической поддержке ЦТС «Электронная запись» уполномоченным органам. В рамках настоящего Положения для реализации электронной записи назначается техническим оператором открытое акционерное общество «Түндүк».

13. Пользователями ЦТС «Электронная запись» (далее – участники) являются сотрудники территориальных органов образования, администрации общеобразовательных организаций, заявитель (родитель/законный представитель ребенка), которым определены следующие функциональные (пользовательские) роли в автоматизированной информационной системе:

– сотрудники территориальных органов образования осуществляют функции контроля за принятием мер, направленных на обеспечение абсолютной доступности образования, контроля за соблюдением прав детей на образование;

– администрация общеобразовательных организаций осуществляет функции приема детей в первые классы общеобразовательных организаций посредством ЦТС «Электронная запись»;

– заявитель (родитель/законный представитель ребенка) обеспечивает право ребенка на начальное общее образование, путем своевременной регистрации ребенка в ЦТС «Электронная запись» для приема в первые классы общеобразовательных организаций.

## 5. Права и обязанности участников процесса ЦТС «Электронная запись»

14. Уполномоченный государственный орган имеет право:

– утверждать и издавать в пределах своей компетенции решения для регулирования процесса взаимодействия в ЦТС «Электронная запись»;

– Осуществлять проверку деятельности общеобразовательных организаций по соблюдению норм и требований данного Положения в части приема ребенка в первый класс общеобразовательных организаций через ЦТС «Электронная запись»;

– организовывать комплексную и эффективную систему внутреннего контроля для достижения результативного и эффективного управления, включающую соблюдение нормативных правовых актов, внутренних актов, предотвращение и выявление противоправных деяний, управленческой отчетности и информации, а также их подготовку;

– проводить мероприятия по правовой пропаганде в части доступности получения обязательного начального общего образования среди общественности;

– регулировать информационно-коммуникационные технологии в области образования;

– координировать процесс функционирования ЦТС «Электронная запись» и формировать отчетность;

– Информировать родителей/законных представителей детей, родившихся с 1 января по 31 декабря 2019 года и с 1 января по 31 декабря 2020 года, о необходимости своевременной регистрации ребенка в первый класс через ЦТС «Электронная запись» с использованием средств массовой информации.

– в соответствии с законодательством Кыргызской Республики применять меры дисциплинарного воздействия в отношении работников территориальных органов образования, препятствующих своими действиями или бездействием полноценному функционированию процессов в ЦТС «Электронная запись».

15. Обязанности ОАО «Түндүк»:

– Обеспечивать непрерывную техническую эксплуатацию ЦТС «Электронная запись»;

– Обеспечивать бесперебойную работу и поддержку ЦТС «Электронная запись»;

– Обеспечивать конфиденциальность и защиту персональных данных, обрабатываемых в ЦТС «Электронная запись».

16. Министерство просвещения Кыргызской Республики вправе:

– утверждать и издавать организационно-распорядительные документы на основании решений и локальных актов уполномоченного государственного органа для регулирования процесса взаимодействия в ЦТС «Электронная запись»;

– осуществлять проверку деятельности общеобразовательных организаций по соблюдению норм и требований данного Положения;

– Для достижения результативного и эффективного управления — организовать комплексную и действенную систему внутреннего контроля, в том числе обеспечить соблюдение нормативных правовых актов и локальных актов, предупреждение и выявление нарушений законодательства, а также ведение и подготовку управленческой отчетности и информации.

– проводить мероприятия по правовой пропаганде в части доступности получения обязательного начального общего образования среди общественности и администрации общеобразовательных организаций;

– в соответствии с законодательством Кыргызской Республики применять меры дисциплинарного воздействия в отношении руководителей общеобразовательных организаций, препятствующих своим действием или бездействием полноценному функционированию процессов ЦТС «Электронная запись».

17. Территориальные органы образования обязаны:

– своевременно исполнять утвержденные решения и локальные акты уполномоченного государственного органа для регулирования процесса взаимодействия в ЦТС «Электронная запись»;

– В ЦТС «Электронная запись» проверять корректность списка общеобразовательных организаций (наименования организаций, их адреса), адреса микроучастков, а также подтверждать через систему квоту для каждой

общеобразовательной организации — количество ученических мест (число классов-комплектов с указанием языка обучения).

– обеспечивать общий контроль над соблюдением данного Положения, при необходимости осуществлять проверку документов по приему детей, зачисленных в особом порядке;

– оказывать содействие в решении спорных вопросов, возникающих при зачислении ребенка в первый класс общеобразовательных организаций с родителями/законными представителями детей, в соответствии с действующим законодательством Кыргызской Республики и настоящим Положением;

– обеспечивать конфиденциальность персональных данных, обрабатываемых в ЦТС «Электронная запись».

– рассматривать заявления, поступившие в электронном виде, от родителей/законных представителей, по вопросам зачисления детей в первый класс общеобразовательных организаций в течении трех рабочих дней.

18. Директор общеобразовательной организации имеет право:

– издавать и утверждать организационно-распорядительные документы на основании решений и локальных актов уполномоченного государственного органа, территориальных подразделений для реализации процесса взаимодействия в ЦТС «Электронная запись»;

– организовывать комплексную и эффективную деятельность внутреннего контроля для достижения результативного и эффективного управления, включающую соблюдение нормативных правовых актов, локальных актов, предотвращать противоправные деяния;

– проводить мероприятия по правовой пропаганде в части доступности получения обязательного начального общего образования среди общественности;

– В ЦТС «Электронная запись» проверять документы детей, находящихся под опекой (установленной в законном порядке), а также детей, зачисляемых в особом порядке.

– запрашивать соответствующие подтверждающие документы у родителей/законных представителей детей либо через Государственный портал электронных услуг «Түндүк» для определения ребенка в первый класс в установленном законом порядке до 30 августа текущего года.

– В ЦТС «Электронная запись» увеличивать количество посадочных мест в классах по уровню и языку обучения (квоту), но только до момента окончательного подтверждения квоты. Подтверждение квоты производится **за 3 рабочих дня** до начала первого этапа записи.

- В ЦТС «Электронная запись» изменять язык обучения в ранее утвержденных классах-комплектах только в сторону увеличения классов с кыргызским языком обучения, а также просматривать сведения о зарегистрированных (количество зарегистрированных детей) и о свободных местах (число свободных мест по классам).

– В случае выявления ребёнка с ограниченными возможностями здоровья после зачисления через ЦТС «Электронная запись» директор имеет

право обратиться в психолого-медико-педагогическую комиссию (ПМПК) для определения образовательных потребностей ребёнка и проведения комплексной диагностики на основании рекомендаций классного руководителя и/или педагога-психолога. На основании заключения ПМПК общеобразовательная организация может предложить направить ребёнка в специализированное общеобразовательное учреждение либо обеспечить продолжение его обучения в ранее принятой общеобразовательной организации.

19. Директор общеобразовательной организации обязан:

– Принимать детей в первый класс через ЦТС «Электронная запись» и на основании решения Комиссии по делам детей.

– своевременно исполнять решения и локальные акты, утвержденные уполномоченным государственным органом, территориальными органами образования, для реализации процесса взаимодействия в ЦТС «Электронная запись»;

– В ЦТС «Электронная запись» проверять наименование и адрес своей общеобразовательной организации, границы микроучастка, а также **подтвердить квоту** - количество ученических мест (число классов-комплектов с указанием языка обучения) через систему **за 3 рабочих дня** до начала первого этапа записи;

– если директор общеобразовательной организации до установленного срока не подтвердит квоту через систему, квота считается подтверждённой автоматически;

– при подтверждении места регистрации родителем/законным представителем по микроучастку - добавить в систему недостающий адрес;

– информировать соответствующие стороны о необходимости своевременной регистрации через ЦТС «Электронная запись» родителей/законных представителей детей, родившихся с 1 января по 31 декабря 2019 года и с 1 января по 31 декабря 2020 года, для приёма ребёнка в первый класс.

– Обеспечивать конфиденциальность персональных данных в ЦТС «Электронная запись»;

– При приеме ребенка в первый класс решать споры и конфликтные ситуации, возникшие между государственной или муниципальной общеобразовательной организацией и родителями/законными представителями, в соответствии с законодательством Кыргызской Республики и настоящим Положением.

– Комплектовать первые классы по принципу гендерного соотношения в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;

– При приеме ребенка в первый класс ознакомить родителей/законных представителей с уставом и другими локальными документами, регулирующими образовательный процесс;

– Обеспечивать общий контроль за соблюдением настоящего Положения и проверку наличия необходимых документов для зачисления ребёнка в первый класс.

20. Родитель /законный представитель - заявитель ребенка имеет право:

– В ЦТС «Электронная запись» зарегистрировать ребенка школьного возраста (родившегося с 1 января по 31 декабря 2019 года и с 1 января по 31 декабря 2020 года) в общеобразовательную организацию при наличии свободных мест с учётом языка обучения через платформу 1mektep.edu.gov.kg или через приложения «Түндүк»**,** и другие мобильные приложения.

– отменить поданную электронную запись (в том числе с целью выбора другой образовательной организации) не более трех раз. После третьей отмены возможность повторной отмены записи в ЦТС блокируется.

- на доступ к нормативным правовым актам, регулирующим ЦТС «Электронная запись», обеспечивающим доступность получения обязательного начального общего образования;

– на ознакомление с уставом и другими локальными документами, регламентирующими процесс зачисления детей в первый класс.

21. Родитель /законный представитель ребенка - заявитель обязан:

**–** Если, у родителя не отображаются дети предшкольного возраста, то необходимо добавить их у себя в личном кабинете или обратиться в колл-центр Министерства просвещения КР.

– Законные представители осуществляют регистрацию ребенка в школу через личный кабинет на платформе **1mektep.edu.gov.kg** и обязаны загрузить документ, подтверждающий их статус законного представителя. В качестве такого документа принимается только судебный акт или акт уполномоченного органа в сфере социального развития. Законный представитель может зарегистрировать через ЦТС «Электронная запись» не более двух детей.

– После приема ребенка в первый класс родитель/законный представитель обязан в период с 4 августа по 5 сентября текущего года предоставить соответствующие документы в общеобразовательную организацию:

– оригинал медицинской справки о состоянии здоровья (установленной формы);

– оригинал медицинской справки о полученных прививках (установленной формы);

На первом этапе в системе родителям/законным представителям отображаются только те общеобразовательные организации, которые входят в микроучасток соответствующей школы по месту их проживания. Если через систему общеобразовательная организация не отображается, родителям/законным представителям необходимо обратиться в ближайшую общеобразовательную организацию для уточнения, включен ли адрес их постоянного проживания в перечень границ микроучастка. В случае если адрес действительно относится к соответствующему микроучастку, общеобразовательная организация принимает меры по уточнению и обновлению сведений о микроучастке.

Руководителю/ответственному лицу за прием детей в первый класс общеобразовательных организаций **запрещается требовать** у

родителей/законных представителей ребенка предоставления документов, не предусмотренных настоящим Положением и законодательством Кыргызской Республики.

22. Участники работы ЦТС «Электронная запись» за несоблюдение требований настоящего Положения, а также за нарушение законодательства о защите персональных данных привлекаются к ответственности в соответствии с уголовным законодательством, законодательством о правонарушениях и трудовым законодательством Кыргызской Республики.

В случае выявления фактов незаконного отказа, создания необоснованных препятствий либо вмешательства в работу ЦТС со стороны руководителей общеобразовательных организаций и работников территориальных органов управления образованием к ним применяются соответствующие меры ответственности.

## 6. Особый порядок определения детей в первый класс общеобразовательных организаций.

23. Прием детей во вспомогательные общеобразовательные организации и коррекционные классы проводится в соответствии с санитарными нормами и правилами, а также Уставом общеобразовательной организации и осуществляется только по заключению психолого-медико-педагогической комиссии вне ЦТС «Электронная запись».

24. Педагогические работники, работающие в общеобразовательных организациях имеют приоритетное право на зачисление своего ребенка в образовательную организацию по месту работы (сверх квоты).

25. Если один из близнецов (а также тройни/четверни) зарегистрирован родителем или законным представителем в общеобразовательную организацию в пределах установленной квоты, его второй (соответственно третий/четвертый) близнец подлежит обязательному приему в ту же общеобразовательную организацию, при этом в таких случаях количество ученических мест (квота) для школы автоматически увеличивается на соответствующее число мест.

26. В случае пропуска установленного срока регистрации приём в первый класс осуществляется на основании заявления родителя/законного представителя по решению Комиссии по делам детей территориального органа управления образованием.

## 7. Заключительные положения

27. Зачисление детей в первый класс через ЦТС «Электронная регистрация» осуществляется в следующие сроки:

– **Первый этап:** приём детей, зарегистрированных по месту проживания (прописка) в микроучастке соответствующей общеобразовательной организации, начинается 1 апреля 2026 года с 10:00;

– **Второй этап:** приём детей, не зарегистрированных по месту проживания в микроучастке, при наличии свободных мест в выбранной общеобразовательной организации, начинается 1 июня 2026 года с 10:00.

28. При зачислении детей в первый класс общеобразовательных организаций не допускается проведение испытаний (тестов, экзаменов, конкурсов, собеседований), направленных на выявление уровня знаний ребенка по различным учебным дисциплинам в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

29. Порядок регистрации и зачисления ребенка в первый класс общеобразовательных организаций осуществляется в соответствии с настоящим Положением и Инструкцией пользователя ЦТС «Электронная запись».

30. Родитель/законный представитель, прибывший в течение учебного года, выбирает общеобразовательную организацию, где есть свободные места, процесс регистрации проходит через АИС «Күндөлүк».

31. Общеобразовательные организации смешанной и частной форм собственности могут участвовать в процессе электронной записи детей в первый класс по желанию.